**УДК 791.44.071**

# ЗАЛКАР ЖАЗУУЧУ ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН 85 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА КЫРГЫЗ КИНОСУНДАГЫ АЙТМАТОВДУК ДООР ЖАНА АДАМГЕРЧИЛИК МЕНЕН БООРУКЕРЛИТИН ЭТАЛОНУ ЧЫҢГЫЗ ТУУРАЛУУ

*Эмилбекова Р.Ю.*
*ЖАМУ, Жалал-Абад ш.*

***Аннотация***

*Бул макала залкар жазуучубуздун чыгармаларына жан киргизе кино тартып жүргөн таланттуу режиссерлор Б. Шамшиев, Б. Карагуловдун кино тартуудагы кыйынчылыктары жана эскертүүлөрү камтылган. Ева Хофтан «Кыргызское чудо» деп баа берген.*

***Annotation***

*This article is written about Ch. Aitmatov's place of Kyrgyz cinema. The talented directors B. Shamshiev, B. Karagulov remembered the difficult to shoot a film. The journalist Eva Hofman marked that his films were «Кыргызское чудо».*

Кыргыз киносу дегенде улуубу, кичүүбү 1970-1980- жылдары тартылган «Бетме-бет», «Маңкурт», «Бороондуу бекет», «Саманчынын жолу», «Ак кеме», сыяктуу тасмалардын көз алдына элестетишет. Төгөрөгү төп келишкен бул тасмалардын актуалдуулугу эч качан өчкөн эмес. Ал мезгилдин тасмаларын көргөн ар бир жан тасманы кайрадан кайталап көрүүдөн баш тартпайт жана көргөн сайын жаңыча ойлонуп, жаңыча таасирленет. Анткени ал кезде "Кыргыз керемети" атанган тасмалардын көпчүлүгү залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын негизинде тартылган.

Айтматовдук доордо тартылган тасмалардын таржымалын айтуудаи аддын I жазуучунун чыгармалары тууралуу сез козгоого арзыырлык эле. Бирок, биз бугун кино тармагындагы езгоче доор тууралуу гана айталы.

"Кыргыз керемети" башкача айтканда " Кыргызское чудо" мына ушул лакаптын келип чыгуу тарыхы да Айтматовдун чыгармаларына таандык. Залкар жазуучубуздун чыгармаларына жан киргизе кино тартып жүргөн таланттуу режиссөр Болот Шамшиевдин бул аталыштын кандайча элге жайылып кеткендиги тууралуу айтканы бар.

«Кыргызкое чудо»-деген түшүнүк Ева Хофман деген журналисткага таандык. Журналистка менен Болот Шамшиев 1990-жылы Лондондо өткөн өтө популярдуу Европа кинофестивалында таанышкандыгын айтып жүрөт. Шамшиев ал жакка «Караш» кино тасмасы менен барат. Ошондо Ева Хофманга "Караш" тасмасы абдан жаккандыктан режиссөр менен бирге кайра Кыргызстанга келген. Кино тартуучулар Ева биздин мекенге келээри менен Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларына тартылган тасмаларды жана башка тасмаларды көрсөтүшөт. Ошондо Ева айрыкча Айтматовдун чыгармаларынын негизинде тартылган кинолорду көрүп, «Бул керемет» деп жиберген экен. Аты алыска кетпеген, калкынын саны аз элдин ушундай кинематографиясы бар экендигинин өзү керемет. Бул кыргыз элинин таланттарга бай экендигинен кабар берет,- дейт Ева.

Кыргыз кинолору анда мындай наамды алып жүргөнгө татыктуу болгон. Андан да кыргыз киносуна бул наамды алып берген Айтматовдун чыгармаларынын белгилүү бир бааны ченеп берүүгө да болбойт.

Кайрадан кино тармагьна кайрыла турган болсок, Айтматовдун чыгармалары тасмага тартылып жатканда режиссөрдун жанында дайыма ал өзү кошо жүрүп, тасмаларды кошо тартышчу экен. Төлөмүш Океев, Болот Шамшиев, Мелис Убукеев, Геннадий Базаров өңдүү корифейлер менен залкар жазуучубуз кыргыз киносунун жүгүн анда кошо көтөрүшкөн.

Режиссөр Болот Шамшиев азыр «Ак кеме»1973-жылы тартылган тасма. Жарыкка 1974-жылы чыкты. Тасманын тартуусуна аябай бут тосуулар болгон. Жада калса иштин

токтоп калуусун каалагандар биз тартып жаткан бугуну өлтүргөнгө чейин барышкан. Ошондо да мага Чыңгыз Төрөкулович жардамга келди. Жазуучунун кадыр баркы менен тээ алыскы Таймырдан жаңы бугу алдырганбыз. Бугуну Красноярскка чейин кеме менен алып келип, андан Алматыга чейин поезде, Алматыдан Ысык-Көлгө жүк ташуучу машина менен алып келгенче кыш да кирип келген. Айлана тегерек кар басып калган эле. Бугуну тасмага мына ошол учурларда «Тамга» санаторийдин жанында түшүргөнбүз. Бугу укмуштуудай сулуу, боорукер экен. Анан тиштери да түшүп калыптыр. Капуста менен майдаланган картошка берип курсагын тойгузуп жүрдүк. Тасманы тарттырып бүтүргөн соң бугу «Тамга» санаторийинде калган. Кийинки жылы санаторийге барганымда «Ак кемеге» тартылган сулуу бугубузга бирөөлөр «Премия» деген тамекиден бир пачке берип өлтүрүп коюшуптур ,- деп эскерип калат.

Айтматов чыгармаларын тасмага түшүрүүдө актөрлордун чеберчилигине да маани берип, режиссөр менен кошо тандоого катышчу дешет. Жазуучу көбүнчө каарман тандоодон жаңылбашыбыз, -керек деп айтчу тура. Ал чыгармаларында катылып жаткан ойлорду дал ошол каармандын образы аркылуу берүүгө далалат кылган залкар Сабира Күмүшалиева, Болот Миңжылкиев, Сүймөнкүл Чокморов өңдүү таланттардын тасмада сөзсүз болушун каалаар эле.

Жазуучунун «Бетме-бет», «Маңкурт», «Бороондуу бекет», «Саманчыны жолу» кино тасмаларын тарткан режиссөр Бакыт Карагулов Бардык кинолордун тартылышына катышып, актөрлордун костюмунан өйдө баарын өзү тандачу. Жакшы чыккан эпизоддордо баары ушундай болуш керек болчу,-деп, терең ойго чөмүлүп, баладай кубанчу эле, деп эскерет.

Карагуловдун "Бороондуу бекетти" тартып жаткандагы бир учурду мисал келтирели.

Режиссөр Каранардын Казангапты жоктоп буркурап келе жаткан жерин тартып келе жаткан болот. Бир убакта тасмага тартылып жаткан төө жылбай туруп калган экен. Төөнүн сырын билбеген кыргыздар алекетке түшсө да төө ордунан козголуп да койбоптур. Айласы кеткен режиссөр ошондо төөчүгө келет. Олбурлуу казак чал -Казыр балам деп төөнү жетелеп барып байлап коюп, бизден кай жакты квздей чуркатыш керек деп сурайт. Режиссөр төөнү тасмага тарта турган жерин көрсөтөт төөчү төөнүн ботосун алып келип, жаныбызга коюп, -азыр мен төөнү кое берем анан өкүргөнүн ошондо көрөсүңөр,- дейт. Төөчүнүн айтканы айткандай болот. Ошол эпизоду көргөндө Чыңгыз Төрөкулович көзүнө жаш алып, «тукумуң кургур бул төө адамдан да жаман ыйлайт турбайбы»,- деген экен.

Ошол эле тасманы тартып жатканда режиссөр Зарипа кеткенден кийин Эдигей аны издеп, өзүн өлтүргүсү келген жерин тартыш үчүн эки күн короттук, - деп эскерүү жазган.

«Баары ойдогудай эле сезилет. Бирок, Эдигейди ойногон актер тамакка тоюп алып, жоктоп ыйлагандын ордуна ыктытат. Бети майланышат. Тамакты жакшы көргөн тамаксоо актер эле. Эртеси поездин келе турган убактысын билдик. Тамакты анан келип ичебиз деген шылтоо менен Эдигейге тамак бербей кино тартылчу жайга алып барып таштадык да өзүбүз азыр келебиз деп кетип калдык. Ал жер киши жашабаган жер эле. Поездин келишине бир саат калганда келеек, актерубуздун ээги кеберсип, үшүп, буркан - шаркан түшүп жатыптыр. Дулдуйуп отурду. Аңгыча поезд келип,

-Кана Эдигей Зарипа кетти, үйгө келген жок. Тигине поезд көрүндү Зарипаны изде,- дедик Чыкем экөөбүз . Калчылдап үшүгөн актөр поезди көздөй чуркайт. Өзүн поездге таштап жибербесин деп жубайы Укубала Эдигейди артынан кучактайт. Ошондо темир жолдо титиреп өтүп жаткан поездердин фонунда -Кудай жок, деп Укубаланы кучактап, кудум балача ыйлап жаткан Эдигейдин көрүп, Айтматов актердун оюнуна ыраазы болуп, көзүнө жаш алып, баары ушундай болушу керек болчу,- деп өзүнчө ойго чөмүлдү. Зарипанын балдарын ойлоп, билимдүү болсун,- деп, эртеңкини ойлоп кеткени, Эдигейдин Зарипаны ыйлап издегени жазуучунун эсине көптү түшүрдү окшойт. Ал эми биз болсо

актердун урдум ушул киноңорду, деп бизге таарынып ыймандай чындык менен ыйлап жатканына ыраазы болуп турдук"- дейт Карагулов

Мына ушул тасма казактын дархан талаасында эки жылдай убакыттын ичинде тартылып бүткөн. Сары Өзөндөн Эне-Бейитке, андан аралга чейинки узак жолду киногруппага кошо Айтматовда баскан. Башкысы жазуучу менен режиссөр "кыргыз керемети" деген наамга татыктуу кино тасма жаратышкан.

Айтматов режиссөрлор менен кошо кино тартууга катышып жүргөнүн кино сынчылар, анын чыгармаларына жасаган терең урматы жана адамгерчилиги деп билишет.

Адамгерчилик тууралуу сөз болуп кеткен соң, жазуучунун бул сапатына да токтолуп өтпөсөк болбос. Менин эсиме Кыргыз эл баатыры Сүйүнбай Эралиевдин Айтматовдун адамгерчилиги туурасында айткан кептери түштү.

Эралиев бирде

"Чыңгыз эмгекчил киши эле. Анан анын адамдык сапаттары да өтө бийик болчу. Ошондуктан анын атагы дүйнөгө кеткен. Экөөбүз бир кездерде кошуна турчубуз,- эшиктербиз бири-бирине тийишип турчу. Мына ошол кездерде Чыңгыздын атын аалам билип, үйүнө чет жактардан да коноктор аябагандай көп келчү. Кээде Чике мени «Суке келиңиз коноктор келген экен» деп чакырып калаар эле. Ошондо байкап калчумун. Келген коноктордун көбү Чыңгыздын даңкынан чоочуйбу, айтор жүдөмүш тартыш, батынып сүйлөй албай турушаар эле. Анда Чыңгыз конокторго жөнөкөйлүгүн көрсөтүп, аларды күлдүрүп жакшы сүйлөп койчу. Ошондо гана коноктор Чыңгыз менен батынып сүйлөшүшүп кетээр эле. Бул Чыңгыздын чоң адамгерчилиги болчу» -деп айткан.

Чыңгыз Айтматовдун адамгерчиликтүү сапаты анын турмуш жолунда акырындык менен пайда боло калбаган сапат экендигин да айтпасак болбос. Айтматов бала чактан эле өтө боорукер, адамдын көңүлүн эмес, жаныбарды да капа кылбаганын карындашы Роза Айтматова эскерет.

- 1988-жылы Чыңгыз агабыздын 60 жылдыгын белгилегени Шекерге бара жатканбыз. Жолдо баратканда агам бизге бала чагында коөнду өлүмдөн сактап калган жерин көрсөттү.

Окуя 1943-жылы болуптур. Айылда эркек аттуулардын баары согушка кетип, жаш уландар мектептеги окуусун токтотуп, иштөөгө аргасыз болуп турганда 14 жаштагы Чыңгыз каржы агенти болуп иштеп калган экен. Анда агам салык чогултуп келип, аны кассага тапшырчу тура. Бир күнү кадимкисиндей эле акча чогултуп, Грозныйга келе жатса, кичинекей баланын ыйлагыныңдай үнү угат. Жолдон чыгып, үн чыккан жакка басып, караса, чоң жылан кичинекей коөнду муунтуп жатыптыр. Коөнду бошотконго аракет кылган Чыңгыз, аттан секирип түшүп, кыйкырык менен камчысын жылаанга тартып жиберет. Жылан коөнду дароо кое берип, зуу коөт. Куткаруучу Чыңгыз, коөнду койнуна катып алып, кассага шашып келет. Акчаны санап өткөрүп жатып, койнундагы коөну эсинен чыгып кетип, жерге түшүп кеткен экен. Жаныбар акчаны санап алып жаткан аялдын бутуна барып урунат. Коөнду көргөн аял. «Кургур согуш качан бүтөт. Баланын коөн менен ойногусу келип атса. Биз аны салык чогулттуруп жүрөбүз",- деп кайгырган тура.

Анда кассир аял окуяны жөнөкөй балалык оюн катары кабыл алган го. Чындыгында бала Чыңгыз анда коөн менен ойногусу эле келбей, анын өмүрүн сактап, койнуна ааламга сыйбас чоң адамгерчилик, боорукерлик менен аны катып алганын ким билсин. Бала Чыңгыздын ошондогу адамдык сапаттары аны өмүрүнүн акырына чейин коштоп жүргөн. Ал чыгармаларына жан дүйнөсүн сыйгара билип, аларды тасмага түшүрүп, Ал тасмалар, чыгармалар ушул күнгө чейин уккан кулакты, көргөн көздү кубантып келет.

**Адабияттар**

1. «Заманыбыздын залкар жазуучусу» Эркин - Тоо газети 13.12.11

2. «Улуу - Чынардын урматы бийик» Эркин - Тоо газети 13.12.11
3. «Плачь охотника над пропастью» Мухтар Шаханов. Чыңгыз Айтматов. 1993 ж. № 51 журнал
4. «Ак кеме» Ч. Айтматов Фрунзе - 1970 ж.
5. «Жамийла» Ч. Айтматов Фрунзе - 1958 ж.